**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXI – СЕССИЯСЫНЫН

**2026-жылдын 26-февралы №97**

**Балыкчы шаарынын 2026-жылга жергиликтүү бюджети жана 2025-жылдагы шаардык бюджеттин аткарылышы жөнүндө.**

“2026-жылда Балыкчы шаарындагы социалдык – маданий иш чараларды жана бюджеттик мекемелерди үзгүлтүксүз каржылоо максатында шаардын бюджетин бекитүү жана 2025-жылдагы бюджеттин аткарылышы жөнүндө” Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026–жылдын 25-январындагы №2 чечимине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальнигинин билдирүүсүнө ылайык, экономика, бюджет, салык жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап Балыкчы шаардык кеңешинин сессиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2026-жылга Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджети кирешелер жана чыгашалары боюнча **420026,1** миң сом көлөмүндө №1 тиркемеге ылайык аныкталсын.
2. Мамлекеттик маанидеги салыктардын жалпы көлөмдөрү 2026-жылга шаардык бюджетке чегерүүлөрдүн өлчөмү №2 тиркемеге ылайык эске алынсын.
3. Шаардык башкаруу органдарынын чыгашалары №3 тиркемеге ылайык белгиленсин.
4. Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетиндеги мекемелеринин 2026-жылга чектелген эмгек акы фондусу №4 тиркемеге ылайык белгиленсин.
5. Шаардык жергиликтүү бюджеттен 2026-жылы каржылануучу чыгымдардын көлөмү №5 тиркемеге жана атайын каражаттардын эсебинен №6 тиркемеге ылайык каралсын.
6. Өндүрүлгөн салыктардын республикалык жана жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөр салыктын ар бир түрүнөн бекитилген өлчөмдөрү чечимдин 2 пунктуна ылайык, банкалык операция күн сайын жүргүзүлүп туруусу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгына милдеттендирилсин.
7. Ишкана, мекеме жана уюмдардын жетекчилери 2026-жыл ичинде бюджетке чегерүү милдеттерин аткаруу менен, салык маселелерине өзгөчө көңүл буруп, өз убагында тийиштүү иш-чараларды жүргүзүүлөрү милдеттендирилсин.
8. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин атайын каражаттарынын кирешелерин Балыкчы финансы башкармалыгынын эсебисиз пайдаланууга тыюу салынсын. Балыкчы финансы башкармалыгынын эсебисиз пайдаланган каражаттар жергиликтүү бюджетке алынышы аныкталсын.

9. Жергиликтүү бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө кошумча алынган кирешелер пайда болгон учурда, бюджеттик мекемелердин чыгашаларынын тартыш бөлүгүн жабуу максатына пайдалануу үчүн шаардык кеңештин кароосуна тийиштүү сунуш киргизилээри белгиленсин.
**10.** 2025-жылдагы Балыкчы шаарынын шаардык бюджетинин аткарылышы кирешелер боюнча атайын каражаттар менен **626 192,1** миң сом, чыгашалары боюнча **607 172,7** миң сом көлөмүндө **81 316,0** миң сом (анын ичинен бюджет 75 597,7 мин сом, атайын каражат 5 718,3 мин сом**)** профицит менен аныкталсын.
11. 2026-жылдын башында пайдаланылбай калган каражаттардын көлөмү **81 316,0** миң сом (анын ичинен бюджет 75 597,7 мин сом, атайын каражат 5 718,3 мин сом**)** өлчөмүндө бекитилсин жана кассалык жүгүртүүдөн накталай каражат бир айлык эмгек акы фондусунун көлөмүндө каралсын.
12. Бекитилген жергиликтүү бюджеттин токтомунун тиркемелерине өзгөртүү киргизүү Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлсүн.

13. Токтом кабыл алынгандыгына байланыштуу, Балыкчы шаардык кенешинин 2025 – жылдын 7–марттагы №17 токтому көзөмөлдөн алынып салынсын.

14. Ушул токтом Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

15. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

16. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика, бюджет, салык жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгына жана шаардын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: иш кагазына-1, мэрияга-1 шаардык финансы башкармалыгына-1, ММК-1